| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КЕҢ-АРАЛ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯРЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>КЕН-АРАЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ<br>АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**19.01. 2024-жыл №2** **Кең-Арал айылы**

**Социалдык объектилерге бөлүнгөн жер аянтын трансформациялоо боюнча**

Кең-Арал айыл өкмөтүнүн карамагындагы социалдык объект курууга деп калтырылган айыл чарба багытындагы жайыт жерлерди трансформациялап мектеп жана бала бакча куруу жагын карап, талкуулап Кең-Арал айылдык аймактык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги 1-сессиясы **токтом кылат:**

1.Кең-Арал айыл өкмөтүнө караштуу №232 чөйрө сызыгындагы 2,0 га айыл чарба багытындагы жайыт жер категориясынан, калктуу конуш жер категориясына “мектеп” куруу үчүн трансформациялоого уруксат берилсин.

2.Кең-Арал айыл өкмөтүнө караштуу күн чыгыш тарабындагы № 38 чөйрө сызыгындагы 0,7 га айыл чарба багытындагы жайыт жер категориясынан, калктуу конуш жер категориясына “бала бакча” куруу үчүн трансформациялоого уруксат берилсин.

3.Токтомдун талаптарын аткаруу жагы Кең-Арал айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Алымкуловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б.Токонов**